# Байыркы, жаш Өзгөн шаары

**ӨЗГӨН** - Кыргызстандагы гана эмес жалпы Борбордук Азиядагы байыркы шаарлардын бири экендиги кашкайган чындык экенинде шек жок. Тарыхый-географиялык шартына жараша аталган шаар байыркы жана орто кылымдардагы континенттер аралык Улуу Жибек жолунун бир бутагында жайгашкан. Ар кандай мезгилдерде Өзгөн чек аралык маанилүү соода-экономикалык жана кербендер токтолуучу түйүндөрдүн бири болуп калган. Өзгөн - байыртадан Ош оазисиндеги маданияты жана кызыкчылыктары тыгыз айкалышкан ири этностор жанаша жашаган сейрек кездешчүү чөлкөмдө жайгашкан. Бул жерде дүйнөдөгү төрт дин: зорастриизм, буддизм, христиан жана ислам диндери өз ара түшүнүшүү менен тынчтыкка жанаша, а мезгил-мезгили менен бири-бирине катуу каршы туруп, согушуп келген. Өзгөн ар убак маанилүү аскердик-стратегиялык, соода-экономикалык, саясий жана маданий борбор болуп гана кызмат кылуу менен чектелбеген. Аталган шаар Чыгыштын көптөгөн өлкөлөрү менен ар тараптуу тыгыз карым-катнашта болуп келген. Биздин заманга чейинки 1-миң жылдыктын аягында Өзгөн 70тен ашык чоң жана чакан шаарлардын катарында Чыгыш менен Батышты байланыштырган, кадимки Даван мамлекетинин курамына кирген.

Негизинен Өзгөндүн тарыхы Россиянын жана Кыргызстандын окумуштуулары тарабынан түрдүү мезгилдерде, түрдүү багыттар боюнча комплекстүү болбосо да бөлүкбөлүгү менен изилдеген. Алардын изилдөөлөрү көптөгөн археологиялык табылгалар, байыркы жана орто кылымдагы Өзгөндүн маданияты, жашоо-тиричилиги жөнүндөгү түрдүү жазма булактар тарабынан далилденет. Жаңы жана соңку жаңы мезгил доору да жеке Өзгөндүн, Фергана өрөөнүнүн гана эмес, бүтүндөй Кыргызстандын тарыхында өз изин калтырган маанилүү окуяларга бай. Өзгөн мындай окуялардан да четте калган эмес. Бул жагдай да өзүнчө кеңири изилдөөнү талап кылат.

Өзгөн шаарын ар тараптуу изилдөөнүн актуалдуулугу акыркы мезгилге чейин анын көп кылымдык тарыхы боюнча атайын иш чаралардын, бирдиктүү, комплекстүү изилдөөлөрдүн жүргүзүлө электиги менен шартталып отурат. Ушул себептен шаар тарыхын терең изилдөө менен Өзгөндүн тарыхчыларга белгилүү болгон расмий маарекесин жалпы мамлекеттик деңгээлде өткөрүүнүн зарылдыгы чыгууда. Картаң тарыхка көз салсак шаардын өнүгүүсү бир катар татаал жана ар тараптуу гүлдөгөн мезгилдерди камтыры айкын байкалат.

...штам Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана -Бишкек, 1997 -Т.1. -С.162, 204). Аталган дөңсөөгө курулган дубалдар шаарчага тегизделип кыркылган төрт кырдуу пирамидалардын үлгүсүн берет. Өзгөндүн чыгыш тарабынан эки багыттагы жол өйдөлөп отуруп шаарчага кирет жана анын дарыя боюндагы бөлүгү менен байланыштырат. Шаар баардык тарабынан кыйла тике жантайыңкы (60% жантыкта) дубалдар менен курчалган. Шаардын түндүгүндөгү кыш заводунун кесилиш кыртышы көрсөткөндөй, дубалдар пакса жана кам (күйгүзүлбөгөн) кыш менен тургузулган. Түндүк тараптан дарбазанын изи жана өзгөчө конструкциядагы каалга табылган. Ал салыштырмалуу анча чоң эмес 2х3 м. өлчөмдө болуп, кам кыш менен курчалган. Каалганын үстү кам кирпич менен урулган. Каалганын төбөсүнөн атайын жертөлө түшүп, андагы тешикчелер аркылуу шаар калкы, коргонуучулар сырттан келген душмандарга сокку уруп, каалга аркылуу кирүүгө болгон аракеттерге тоскоолдук кылып турушкан. Шаардын жогорку жагы тегиз эмес төрт бурчтук түспөлүндө болгон... Ал түштүктөн Кара...

...жылдык маарекесин уюштуруу жана өткөрүү жөнүндөгү идеяны сунуш кылууга толук негиз бар.

Өзгөн шаарынын генезиси (пайда болушу) өзгөчө кызыгууну пайда кылган тарыхый проблемалардын бири. Дээрлик жарым кылым мурда, 1952-жылы Ош шаарынын үлгүсүнүн негизинде белгилүү окумуштуу, археолог А.Н.Бернштам байыркы жана эрте орто кылымдардагы феодалдык шаарлардын генезисин изилдөөнүн келечектүү гипотезасын сунуш кылган.

Аталган окумуштуунун пикири боюнча, феодалдык шаардын пайда болушуна Даван жана кушан мезгилдериндеги калк отурукташкан дөбөлөр (тепе...) өбөлгө түзгөн. Шаарлардын өсүп-өнүгүшү, коомдогу ролунун күчөшү жана маанисинин бекемделиши менен мындай калк отурукташкан дөбөлөр акырындык менен өз маанисин жоготкон. Ошентип, VIII-IX кылымдарда көптөгөн өз ал...



...гекти ж.б. кошууга болот. Алардын маалыматтарына таянып ислам динин кабыл алган жана ага ишенген орто кылымдардагы классикалык Өзгөн шаарынын 1150 жылдан ашык жашын так аныктоого болот. Анткени аталган шаар ибн Хордадбектин 846-847-жылдардагы жазмаларында так эскертилет. Өзгөн шаарынын дагы бир айырмачылыгы, өзгөчөлүгү ал көчмөн жана отурукташкан элдердин маданиятын, эки цивилизациянын жетишкендиктерин өзүнө сиңирип, аларды өздөштүрүп, айкалыштыра алган, өзгөче ыкма менен аларды байланыштыра ала турган ислам үлгүсүндөгү мыкты шаар болгон.

Орто кылымдардагы Борбордук Азия тарыхында өз алдынча басымдуу из калтырган Саманиддердин доорундагы Өзгөн шаарынын тарыхы да өзүнчө ар тараптуу, терең изилдөөнү талап кылат. Өзгөндүн тарыхынын бүтүндөй бир чоң доору орто кылымдардагы Борбордук Азиянын өсүп-өнгөн, күчтүү мамлекеттеринин бири Саманиддер менен тыгыз байланышкан. Тарыхтын бул мезгили Өзгөндүн нумизматикасында да кеңири чагылдырылган. Саманиддердин тыйындарын (моненталарын) караханиддердин моненталары алмаштырат. Аны менен Өзгөн шаарынын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий тарыхына кыйла өзгөрүүлөр кирген.

Картаң тарых далилдегендей, Караханийлер мамлекетинин доорунда азыркы Кыргызстандын аймагында бир катар шаарларда, алардын ичин-де Өзгөн, Ош, Барсхан, Тараз ж.б. монета сарайларында ар түрдүү номинациядагы жана сапаттагы тыйындар чыгарылган. Дал ушул Караханиддер мезгилинде ага чейинки жана андан кийинки доорлорго караганда Кыргызстандын аймагында абдан көп моне-

# Байыркы, жаш Өзгөн шаары

*(Башталышы №19-санда).*

Жалпысынан алганда Өзгөн шаарындагы үч мавзолей жана бийик мунара орто кылымдардагы Орто Азиянын архитектурасынын, шаар куруусунун жаңы багыты, алардын декорациясынын, көркөмдөлүшүнүн өнүгүшү жөнүндө ырааттуу маалыматтарды берет.

Байыркы жана орто кылымдардагы Өзгөндүн архитектуралык эстеликтери, шаар куруунун жана архитектуралык шедеврлердин мурастары мындан ары да тереңдетилген, ар тараптуу археологиялык, тарыхый жана этнографиялык изилдөөлөрдү талап кылат.

Өзгөн жөнүндөгү айрым маанилүү маалыматтардын түрк тилиндеги жазма булактарынан алабыз. Султан Захир аддин Бабурдун жазмаларында Өзгөн тууралуу алгачкы түрк тилиндеги маалыматтар камтылган. Жогорку булактан башка да Өзгөн жөнүндөгү маанилүү маалыматтарды кабарлаган түрк тилиндеги бир топ жазма булактар бар.

Өзгөндүн тарыхындагы маанилүү этап болуп Россия колониясынын мезгили да эсептелет. Айрым маанилүү маалыматтарды орус тилиндеги жазма булактардан да алабыз. Россия империясынын колониалдык мезгилиндеги орус тилиндеги расмий жазма булактарга ылайык Өзгөн шаа-ры жана ага жакынкы аймактар Туркестан генерал-губернаторунун 1876--жылдын 6-мартындагы буйругуна ылайык түзүлгөн Ош уездинин курамына кирген. (Борбордук мамлерын терең изилдөөгө өбөлгө түзгөн тарыхый булактардын комплекси шаардын пайда болгон мезгилин, байыркы кездеги эл жашаган пунктка, шаарчага айланышын, орто кылымдарда жана жаңы доордо шаар тибинен феодалдык шаарга өсүп жетилишин аныктоого мүмкүндүк берет. Өзгөндүн Кеңеш доорундагы жана Кыргызстандын эгемендүү жылдарындагы тарыхы өзгөчө көңүл бурууга жана комплекстүү изилдөөгө арзыйт.

## ӨЗГӨН ШААРЫНЫН ТАРЫХЫНЫН УРУНТУКТУУ УЧУРЛАРЫ.

Өзгөндүн көп кылымдык тарыхынын негизги алты баскычын бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Шаар тибиндеги байыркы калк жашаган пункттун пайда болушун байыркы Шоробашат маданияты жана байыркы ферганалык Даван мамлекетинин мезгилине (б.з.ч. IV-I кк. - б.з IV-VI кк.) туштоого болот.

2. Шаардык типтеги эл жашаган пункттун өнүгүшү жана эрте орто кылымдардын башындагы Өзгөн шаарынын пайда болушу ры боюнча буюм түрүндөгү, жазма, этнографиялык, фольклордук булактарды жыйноо, изилдөө жана кеңири пропагандалоо;

- Байыркы, эрте орто кылымдардагы жана жаңы доордогу Өзгөндүн шаар катары пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүү процессин ошол мезгилдердеги классикалык шаарларга тиешелүү баардык зарыл атрибуттар жана компоненттери менен бирге аныктоо жана изилдөө;
- Өзгөн шаары өз тарыхында бир катар т.а. шоробашат, чуст, дальвер-зин, даван, кушан, парфян, түрк, саманиддер, караханиддер, түрк-монгол жана европалык маданияттардын үлгүсүн жана жетишкендиктерин камтырын кеңири далилдөө;
- Өзгөн шаары байыртадан дүйнөгө кеңири белгилүү болгон дүйнөлүк төрт диндин:



гы буйругуна ылайык түзүлгөн Ош уездинин курамына кирген. (Бөрбордук мамлекеттик архив. - Фрунзе, 1987.-С.12)

Колония мезгилинде Өзгөн Ош уездинин шаарларынын катарына кирген эмес. Орус окумуштуусу В. Наливкин "Кокон хандыгынын кыскача тарыхы" аттуу эмгегинде негизги калк отурукташып жашаган пунктар "...Аксыкент, Касан же Кашан, Андиган(Анжиян) Узген, Ош, Мургап (Маргалаң), Исфара, Варух, Канибадам жана Ходжент" деп белгилеген (Краткая история Кокандского ханства. -Казань, 1886. -С.6.) Демек Өзгөн шаар катары эмес, Кокон хандыгынын негизги элдүү пункттарынын бири катары белгилүү болгон.

Тарых айрым бир элдер жана мамлекеттер тарабынан гана эмес өзүнүн элинин тарыхына өзгөчө салымын кошкон айрым бир конкреттүү инсандар, адамдар тарабынан да түзүлөт. Өзгөн шаарынан орто кылым-дарда, андан кийинки мезгилдерде да мамлекеттик, коомдук-саясий ири ишмерлер, көрүнүктүү окумуштуулар чыккан. Кеңеш доорунда Өзгөн шаары жана району көптөгөн, тагыраак айтканда 6 Улуу Ата Мекендик согуштун Баатырларын, 8 Социалисттик эмгектин баатырларын берди. Эгемендүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын биринчи космонавты С. Шарипов да Өзгөндүн кулуну. Ошондой эле, Өзгөндөн көрүнүктүү саясий, мамлекеттик жана маданий ишмерлердин Өзбекстанда, Кыргызстанда жана мурдагы СССРге даңкы чыккан бүтүндөй бир мууну чыккан. Алар Өзгөндүн жана анын жошоочуларынын сыймыгы. Көрсөтүлгөн проблема өзүнчө изилдөөнүн обьектиси.

Бүткүл дүйнөгө өзүнүн оригиналдуу энциклопедиялык сөздүгү менен таанымал болгон Йакут Абу Шихаб-ад-дин ар-Руми аль Хамавинин (же Йакут, аль Хамави) эмгегине кирип, орто кылымдык окумуштуулар арасында белгилүү болуп, аброй алган окумуштуу Али ибн Сулайман ибн Дауд аль Хатаби Абу-л Хасан аль Узканди сыяктуу даанышман да Өзгөндөн чыккан жана анын сыймыгы экендигин көп эле мекендештерибиз биле бербейт. Ал эми кыргыз журтчулугуна кеңири тааанымал болгон чыгаан тарыхый инсандар Кубат бий, Ажы бий, Алымбек датка, Курманжан датка, Мамыр Мерген уулу, Жаркынбай Алымбек уулу, Полот хан (Исхак Молдо Асан уулу), Абдылдабек жана башкалар Өзгөн шаарынын тарыхына жана өнүгүшүнө түздөн-түз өз салымдарын кошкондугу баарыбызга маалым.

Өзгөн шаарынын тарыхынын баскычта-

өнүгүшү жана эрте орто кылымдардын башындагы Өзгөн шаарынын пайда болушу (VII-IX кк.)

3. Ислам үлгүсүндөгү орто кылымдык классикалык феодалдык Өзгөн шаарынын өсүп-өнүккөн мезгили (IX-XVI кк).

4. Жаңы доор мезгили- моголдордун (Моголистан мамлекетинин), аштраханиддердин, шейбаниддердин, Кокон хандыгынын жана Россиялык колониянын мезгилдери (XVI - XX к. башы).

5. Өзгөн ири административдик-аймактык борбор жана шаар катары өзгөчө Кеңеш доорунда өнүккөн (1917-1990-жж.)

6. Өзгөн шаарынын Кыргызстандын көз карандысыз жана эгемендүүлүгүнүн жылдарында жаңыча нукта өнүгүүсү (1990-ж. азыркыга чейин).

## Корутундулар

Биз изилдеген тарыхый булактар, археологиялык казуулардын табылгалары жана натыйжалары,алгачкы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана башка көптөгөн материалдар Өзгөн шаарынын тарыхын ар тараптуу, комплекстүү изилдөө сунушу менен чыгууга толук мүмкүнчүлүк берет. Шаардын тарыхын дагы тереңирээк, кошумча изилдөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин биз Өзгөн шаарынын дээрлик 2200 жылдык маарекесин жалпы мамлекеттик деңгээлде белгилөө сунушу менен чыгууга толук акыбыз бар. Буга чейин республиканын расмий бийликтеринин деңгээлинде Өзгөндү Кыргызстандын байыркы шаарларынын бири катары кароо жана анын кандайдыр бир маарекесин өткөрүү жөнүндө эч сөз болбогондугун, эч кандай демилге көтөрүлбөгөндүгүн да баса белгилей кетели. Жогорудагыдай демилгеге негиз жетишээрлик болсо да мындай мүмкүнчүлүккө эми гана, Кыргыз Республикасынын көз карандысыз жана эгемен жылдарында ээ болуп отурабыз.

## АЛДЫДА АТКАРЫЛУУЧУ ИШТЕРДИН АЙРЫМ БАГЫТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ СУНУШТАР

Өзгөн шаарынын тарыхын ар тараптуу, комплекстүү изилдөө максатында алдыда төмөндөгүдөй иштерди аткаруу милдети турат:

- Максаттуу илимий изилдөөлөрдү уюштуруу, колдо болгон бардык баштапкы булактар, археологиялык табылгалар, Өзгөн шаа-
- Өзгөн шаары байыртадан дүйнөгө кеңири белгилүү болгон дүйнөлүк төрт диндин: зороастриизм, буддизм, ислам жана христиан диндеринин мезгил-мезгили менен ырайымсыз тирешүүлөрүнүн жана тынчтыкта жанаша жашоосунун бирден-бир Мекени болгондугун кеңири пропагандалоо;
- Аталган шаар көптөгөн кылымдар бою аскердик-стратегиялык, соода-экономикалык, саясий жана маданий борбор, ошол эле мезгилде Чыгыштын көптөгөн чөлкөмдөрү жана мамлекеттери менен тыгыз байланышта болгондугун кеңири маалымдоо зарыл;
- Орто кылымдардагы, айрыкча Караханиддер доорунда, Өзгөндүн шаар курулушунда жана архитектурасында ислам маданиятынын үлгүсү үстөмдүк кылгандыгын баса белгилөө жана пропагандалоо негизги милдеттердин бири;
- Жаңы тарыхый-саясий көз караштардын негизинде жана мезгил талабына ылайык Өзгөн шаарынын жана районунун чыгаан тарыхый инсандарын, окумуштууларын, баатырларын, саясий-коомдук жана мада-ний ишмерлеринин өмүр-таржымалын изилдөө жана коомчулукка кеңири жеткирүү;
- Өзгөн шаарынын 2200 жылдык маарекесин жалпы мамлекеттик деңгээлде өткөрүү жөнүндө демилге менен чыгуу, шаардын тарыхын, маданиятын, өзгөчөлүгүн кеңири пропагандалоо мезгил талабына шайкеш экендигин баса белгилөө;
- Өзгөн шаарынын маарекесин мамлекеттик деңгээлде уюштуруу, даярдоо жана өткөрүү боюнча Атайын өкмөттүк комиссия түзүү максатка ылайык;
- Учурдагы шаардын инфраструктурасын, социалдык-экономикалык абалын, эсалуу жайларын, тарыхый-маданий комплекстерин, архитектуралык жана тарыхый эстеликтеринин абалын жакшы жолго коюу жана чет өлкөлүк инвестицияларды кеңири тартуу шаар жетекчилигинин жана өкмөттүн иш-аракеттеринин негизги багыты болууга тийиш;
- Өзгөн шаарынын тарыхын ар-тараптуу, терең, жеткиликтүү деңгээлде илимий изилдөө жана аларды кеңири эл массасына жеткирүү, пропагандалоо мезгил талабы.

**Б.М.МУРЗУБРАИМОВ,**
***ОшМУнун ректору, академик, КР ЖК ЭӨЖ депутаты.***

**Б.К.АБЫТОВ,**
***тарых илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору***